УДК. 37.022.
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.31**

*Молдогозуева Гулзина,*
*ОшМУ, магистрант*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КӨРКӨМ САБАТТУУЛУККА ОКУТУУНУН МАЗМУНУ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

***Аннотация.*** *Көркөм сабаттуулук адамдын обьективдүү чындыкка карата болгон белгилүү көркөм-сабаттуулукка мамилесин калыптандыруу. Көркөм сабаттуулукка окутуу процессинде белгилүү коомдогу көркөм- баалуулуктардын дүйнөсүнө берилүүчү мүнөздөмөлөргө ылайык инсандын ошол баалуулуктарга карата туура багыты иштелип чыгууга тийиш. Ошол эле учурда көркөм сабаттуулукка окутуу процессинде инсандагы обьективдүү чындыкты көркөм-эстетикалык кабыл кылып, көркөм-эстетикалык баалоо жөндөмүн калыптандыруу жана өстүрүү, көркөм табитин жана идеалын окутуулоо менен анын сулуулуктун закон ченемдүүлүгүнө ылайык чыгармачылык жөндөмүн, искусстводо, эмгек ишмердүүлүгүндө, жашоо турмушунда, жүрүш-турушунда көркөм-эстетикалык баалуулуктарды жаратуу жөндөмдүүлүгүн калыптандырыруу.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *башталгыч класс, көркөм сабаттулук, көркөм баалуулук, окутуу процесси, эстетика, формализм, оозэки чыгарма, социалист-утописттер.*

## СОДЕРЖАНИЕ, ЦЕЛЬ И ЗАДАЧИ ПРЕПОДАВАНИЯ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ГРАМОТНОСТИ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

***Аннотация.*** *Художественная грамотность это формирование отношения человека к известной художественной грамотности по отношению к объективной действительности. В процессе обучения художественной грамотности, согласно характеристикам, данным миру художественных ценностей в определенном обществе, должна вырабатываться правильная ориентация человека на эти ценности. В то же время в процессе обучения художественной грамотности объективную действительность в человеке следует воспринимать художественно и эстетично, формируя и развивая способность художественно и эстетически ценить, а обучая художественному вкусу и идеалам - его творческие способности в соответствии с ними. с законами красоты, в искусстве, творчестве, жизни и поведении формирование способности создавать художественно-эстетические ценности.*

***Ключевые слова:*** *начальная школа, художественная грамотность, художественная ценность, учебный процесс, эстетика, формализм, устное творчество, социалисты-утописты.*

## CONTENT, PURPOSE AND OBJECTIVES OF TEACHING ARTISTIC LITERACY IN PRIMARY CLASSES

***Annotation.*** *Artistic literacy is the formation of a person's attitude towards known artistic literacy in relation to objective reality. In the process of teaching artistic literacy, according to the characteristics given to the world of artistic values in a particular society, the correct orientation of a person towards these values must be developed. At the same time, in the process of teaching artistic literacy, objective reality in a person should be perceived artistically and aesthetically, forming and developing the ability to appreciate artistically and aesthetically, and by teaching artistic taste and ideals - his creative abilities in accordance with them. with the laws of beauty, in art, creativity, life and behavior, the formation of the ability to create artistic and aesthetic values.*

***Key words:*** *primary school, artistic literacy, artistic value, educational process, aesthetics, formalism, oral creativity, utopian socialists.*

Көркөм сабаттуулук эстетиканын негизги категорияларынын бири. Андыктан эң оболу эстетика терминин маанисин тактап алуубуз заарыл. Эстетика деген сөз гректин

**“estetiz”** сезилчү, сезүү аркылуу кабыл алынчу деген сөзүнөн келип чыккан. Кыргызча мааниси- обьективдүү чындыкты көркөм-сабаттуулукка кабыл алуунун законченемдүүлүгү жана табияты жөнүндөгү, сулуулуктун законченемдүүлүгүнө жараша чыгармачылык жөнүндөгү окуу.

Көркөм сабаттуулукка окутуунун негизги милдети – сырттан курчап турган дүйнөдөгү (табияттагы, көркөм өнөрдөгү, адамдардын мамилесиндеги) руханий асылзаттыкты, боорукердикти, ак ниеттүүлүктү көрө билүүнү үйрөнгөн бала ошолордун негизинде өзүндөгү сулуулукту түптөөгө умтулуусуна жетишүү.

Балдардын көркөм-сабаттуулука болгон талаптарынын, көркөм сезимдеринин, көркөм-эстетикалык байлыгынын эң негизги шарты болуп анын интеллектуалдык жактан терең жетилүүсү эсептелет. Ошондуктан көркөм сабаттуулукка окутуунун максаты баланы дүйнөлүк маданияттын жетишкендиктери, адамзаттын маданий баалуулуктары менен тааныштыруу болуп эсептелет.

Белгилүү саясий, нравалык, диний жана көркөм идеалдарды жаштарда калыптандырууга умтулган философтор, көркөм өнөр ишмерлери, педагогдор, саясатчылар, насаатчылар байыртадан эле көркөм-сабаттуулукка окутууга көңүл бөлүп келишкен. Байыркы доордо көркөм-сабаттуулук маданиятты калыптандыруунун бирден бир каражаты катары көркөм өнөр эсептелген. Алар көркөм-сабаттуулукка окутуунун мүдөөсү көркөм чыгармачылыкка болгон жөндөмдү калыптандыруу деп түшүнүшкөн. Пифагорчулардан баштап байыркы грек философтору көркөм-сабаттуулукка окутуунун негизги каражаты катары музыканын, сүрөттүн ролун өтө жогору баалашкан.

Байыркы дүйнөнүн башка ойчулдарына караганда Аристотель көркөм-сабаттуулукка окутуунун коомдук мыкты адамды окутуудагы маанисин кенири түшүнүп, адабият менен театрдын көркөм-эстетикалык, адептик таасирин иликтеп үйрөнгөн. Анткени менен ал дале окутуу теориясындагы негизги басымды адамдагы адептүүлүк касиетти калылтандыруудагы музыкалык обондордун, ал турмак музыкалык аспаптардын ролун изилдөөгө багыттаган.

Кайра Жаралуу доорунун назариятчылары гумандуулукка тарбиялоонун маанилүү каражаты деп көркөм өнөрдү эсептешкен. Көркөм өнөрдүн негизин өздөштүрүү универсалдык билими бар адамды тарбиялоо системасынын зарыл элементтерине кирген. Ф.Рабленин «Гаргантюа и Пантагрюэль» деген чыгармасынын персонаждарынын бири да калбастан окуй, жаза, ырдай, музыкалык аспаптарда ойной билишкен.

Агартуучулар да көркөм өнөрдүн тарбиялык мааниси өтө чоң деп эсептешкен. Дидро менен Лессинг көркөм өнөрдү адептүүлүктүн мектеби деп, социалдык үгүт-насыяттын трибуну деп эсептешкен. Анын үстүнө агартуучулар адептүүлүк тарбиядагы жана өтө күчтүү көркөм табитти калыптандыруудагы эң негизги ролду сүрөтчүлүк өнөрү менен театрга ыйгарышкан. Руссо көркөм өнөр табиятка жан дили менен берилип, чындыкты чагылдырууга тийиш деген идеяга негиздеп, эстетика менен этиканын биримдик башталышындагы өзүнүн көркөм-эстетикалык идеалын түзгөн.

Социалист-утописттер - Т.Мор, кийинчерээк Р.Оуэн, Сен-Симон ж.б. көркөм-сабаттуулукка окутууну бүткүл коомдук милдет, инсанды жетилдирүүнүн, анын граждандык жана адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруунун каражаты деп карашкан. Социалист утописттердеги негизги идеялардын бири – жалпы көркөм-эстетикалык баалуулуктарды өндүрүүдө жана пайдаланууда да бардык адамдардын бирдей катышуусуна жетишүү болгон.

Орус төңкөрүшчүл демократтары - В.Г.Белинский, А.И.Герцен, Н.Г.Чернышевский, Н.А.Добролюбов - жаштарга билим берүүнүн негизги каражаты, коомду, жаштарды адеп-ахлак жана саясий жактан окутуунун күчтүү куралы көркөм өнөр деп карашып, мезгилдин талабына, руханий маанайына ылайык көркөм адабиятты биринчи орунга коюшкан. Орустун материалисттик философиясы менен эстетикасынын идеясына негиздеп К.Д.Ушинский өзүнүн балдарга көркөм өнөрдүн билим берүү жана көркөм-сабаттуулукка окутуу, тарбия берүү принциптерин иштеп чыккан. Балдарга көркөм элестүү ой-жүгүртүү мүнөздүү деп эсептеп, окутуу процессинде көркөм өнөрдү кеңири пайдаланууга үндөгөн. Ошону менен

бирге көркөм ойлоонун өсүшү балдардагы адептүүлүктү тарбиялоо үчүн да зарыл деп эсептеген, анткени сулуулукка чындап рахаттануунун өзү эле адептүүлүк сезимин ойготот. К.Д.Ушинскийден кийин орус педагогикасында көркөм-сабаттуулукка окутууга дайыма тийиштүү орун берилген. Динчил идеологияны калыптандырууда чиркөө көркөм-сабаттуулукка окутууну өтө кеңири пайдаланат. Орто кылымдагы Августин, Ф.Аквинскийлердин эмгектеринде көркөм-сабаттуулукка окутууну элди чындыкты, айрыкча социалдык чындыкты өзгөртүү үчүн күрөштөн алагды кылып, дүйнөгө диний негизде көз карашка окутуулоо деп эсептешкен. Чиркөө, медреселер  бүгүн дале ушул тенденцияда иш жүргүзүшөт.

Көркөм-сабаттуулукка окутуу - чыныгы инсанды калыптандыруунун эң зарыл составдуу бөлүгү болуп эсептелет. Мектеп жана үй-бүлөнүн негизги милдети - балдарды жашынан эле сырткы дүйнөдөгү, табияттагы, коомдук мамилелердеги сулуулуктарды түшүнө билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Чыныгы сулуулукту кабыл алуу жана түшүнүү - бул көркөм-эстетикалык билимдин негизи жана өзөгү, ансыз аркандай көркөм кооздукка дүлөй болуп кала бере турган адамдын сезиминин, көркөм маданиятынын чордону. Ошондуктан баланын жашоо турмушунун бүт чөйрөсү анын акыл жана күч эмгеги, чыгармачылыгы, коомдук ишмердүүлүгү, көркөм-эстетикалык, нравалык мамилелери, достугу, сүйүүсү чыныгы сулуулукту туура баалап, аны этияттап коргоо, сактоо керек деген ой кызыл жиптей тепчип өтүп туруусуна жетишүү зарыл.

Мектепте көркөм-сабаттуулукка окутууну уюштурууну туура жолго коюп, өз иш тажрыйбасынын кыскача мазмунун баян эткен В.А. Сухомлинский мындай деп жазат: «Адам өз колу менен биринчи эмгек куралдарын жасагандыгы менен гана айбанат дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, бары-жокко жөндөмдүү жаныбарга айланган эмес. Ал көк асмандагы мелтиреген түрдүү түстү, жымыңдаган жылдыздарды, танкы күн чыгаардагы жана кечки батаардагы магдыраткан кооздукту, бүркөлүп ачылаардагы күндүн манаттай кызарып батышын, мелмиреген учсуз, чексиз талааны, мелтиреген көк асмандагы шурудай тизилген каркыралардын учканын, эртең мененки мөлтүрөгөн тунук шүүдүрүмдөгү күндүн чагылышын, күзгү бүркөө күндө уй түгүлөп жааган майда жамгырды, байчечекейлердин назик сабагы менен коңгуроо кейиптүү жашыл гүлдөрүн көрө алган. Көрүп аларга суктануу менен өзүнүн сулуу кооздуктарын жарата баштаган. Сен да ошол сулуулуктарга карап таңдана алсаң, сенин жүрөгүңдө да сулуулук гүлдөй ачылат.  Адам ушинтип адам болгон».

Курчап турган чөйрөдөгү сулуулук жөнүндөгү ата-энелердин, мугалимдердин элестүү, эмоционалдуу сөзү болбосо, балдар сулуулукту таанып билүүсү кыйын. Балдар сулуулукту өз көзү менен көрмөйүнчө сулуулук жөнүндөгү сөз ага көркөм- таасир тийгизбейт. Сырттан көрүп байкоо жана угуу, көргөндү жана укканды баштан кечирүү -бул сулуулук дүйнөсүнө көз чаптыра турган  биринчи терезе десек болот.

Сулуулукту көрүп, сезе биле турганды үйрөтүү, мындай жөндөм ойгонгондон кийин, жан дүйнөдөгү таңдануу менен айкөлдүк касиетти бүт өмүрү бою сактап калууга үйрөтүү мугалим менен ата-эненин негизги милдети.

Мындай милдетти чеберчилик менен аткарган В.А.Сухомлинскийдин мектебинин иш тажрыйбасына сарасеп салып көрөлү. Алардын көркөм-сабаттуулукка окутуу системасында сулуулук дүй-нөсүнө саякат жасоого - экскурсия жана жүрүштөргө, табияттын түрдүү кубулуштарына байкоо жүргүзүп, аларды талдоого чоң маани берилген. Сулуулук бардык жерде эле бар. Аларды балдарга ачып көрсөтүү максатында Павлыш мектебинин мугалимдери окуучуларын талааларга, өрөөндөргө, дарыя, көлдөрдүн жээктерине, токойлорго, кокту-колотторго, жемиш бактарына алып барышкан. Жылдын түрдүү мезгилдеринде: күздө да, кышта да, жазда да, жайында да барышкан, Сулуулуктун кандай жаралып, кандай өөрчүгөнүн балдардын көзүнө көрсөтүшкөн. Балдар түстөрдүн кубулушун көрүп, табияттын музыкасын угушкан. Күз башталгандан кыш түшкөнгө чейин токойдун бир эле жерине балдарды бир нече жолу алып барышкан. Ар бир барган сайын жалбырактардын түсүндөгү өзгөрүүлөргө балдар көңүл бурушкан. Ал түстөрдүн кубулушу балдардын эртең менен, түштө же кечкурун келгенине, күндүн тийишине, желдин согушуна, аба ырайына

жараша болгонун балдар байкап сезишкен. Мектеп турмушундагы күздүн мелүүн ачык бир күнүн балдар токойдо, талаада, жайытта өткөрүү Павлыш мектебинде салт болуп калган болучу. Таңгамаал балдарды кыштак четине алып чыгышкан. Жарык нур чачкан таң шооласына балдар кумарлана көз чаптырышкан. Түстөр кубулуп, асмандын мындай сулуулугу жөнүндө балдар башта эч нерсе билбегендей. Жылдыздар бирден батып жоголуп, жарык кирип, күн чыкканын көрүшкөн, Парандалардын ойгонгон шыбырты, кашаадагы койлордун маараганы, алыскы талаадагы трактордун үнү угулуп турган. Андан соң токойго барып, балдар түшкөн жалбырактарды теришет, өзгөчөрөөк түстөгү жалбыракты табууга ар кимиси аракеттенет, талаага токтоп от жагышат, балдар курук отун жыйнап, суу алып келишет, кыздар ботко бышырышат. Кечинде күн отургандан кийинки асманды, жылдыздардын чыкканын, талаалардын, адырлардын, жайыттардын, алыскы горизонтто көрүнгөн дөбөлөрдүн түсүнүн өзгөргөнүн байкашкан, түнкү мемиреген тынчтыкты тыңшашкан, түнкү сайраган парандалардын үнүн угушкан, чегирткенин кубулжута сайраган үнүн эшитишкен. Бул күн өмүр бою балдардын эсинде калган. Бул күндү эскерүү табияттын сулуулугун жаны кабыл алган учурдагы эмоционалдык боекту дагы күчтүүрөөк өңүнө чыгарган.

Ушул биринчи күздө эле мугалимдер сулуулук - ак ниет, айкөлдүктүн энеси экендигине ынанышкан. Демек, чеберчилик менен пайдалана билген окуучуга табият окутуунун, айрыкча көркөм-сабаттуулукка окутуунун эң күчтүү каражаты болуп эсептелет. «Павлыш» мектебинин иш тажрыйбасынын айрым учурларын майда-чүйдөсүнө чейин саймедиреп көрсөткөн себебибиз, көпчүлүк ата-энелер менен мугалимдерибиз балдарга таалим, окутуу берүүдө биз өйдө жакта көрсөткөндөй, табияттын мүмкүнчүлүктөрүн бир да пайдалана билишпейт. Бул жагдайда биздин жергебизге теңтайлаша турган өлкө ааламда өтө эле аз. Кыргыздардыкындай ажайып кооз тоолор, көлдөр, токойлор, дарыяларды төгөрөктүн төрт бурчунан эле жолуктура бербейсиң.

Табият жараткан жергебиздин теңдеши жок кооздуктары элдин оозеки чыгармаларында, Жеңижок, Барпы өңдүү сөз чеберлеринин ырларында шумдуктуудай сүрөттөлөт.

Балдардагы сулуулукка болгон дилгирликти ойготууга Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл, Сары-Челек, Кулунду өңдүү көлдөрдөгү кооздукту, Кара-Алма, Орток, Кадуу, Жылан-Темир, Арстанбап өңдүү ааламдагы уникалдуу токойлордун, Алай, Суусамыр өңдүү жайыттардын кереметтүү ажайып келбетин балдарыбызга ачып көрсөтө алсак, өлкөбүздүн жаратылышынын кооздугун чагылдырган элдик оозеки чыгармаларды (мисалы, Тал-Чокунун сүрөттөлүшү), Жеңижок, Барпы өңдүү залкарлардын жаратылышты чагылдырган чыгармаларын жаштарга терең талдап, орчундуу жерлерин жаттатып үйрөтө алсак, көркөм-сабаттуулукка окутууну туура нукка салган болоор элек. Ошондо гана жаштарыбыз сөз аркылуу жаратылыштын ажайып кооздугунун өтө назик кубулуштарына чейин паам парасат менен акыл калчап түшүнмөк. Бул түшүнүк сөздөгү эмоционалдык боекторду аңдап, так байкоого үйрөтмөк. Ошондо гана көркөм сөз балдардын ой жүгүртүү каражатына айланып, алардагы түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү ойготмок. «Өнөр алды кызыл тил» деген накыл сөздүн педагогикалык маңыз мааниси мына ушунда.

Оозеки жана жазма адабияттагы персонаждардын нравалык жана көркөм-эстетикалык идеалдарынын биримдиги жөнүндө окуу менен эле чектелбестен, балдар андай адамдар жөнүндө көп ойлонуп, ошолордой болууга кыялдануусуна жетишүү өтө маанилүү.

Мектеп көркөм-сабаттуулукка окутууну максатка ылайык, белгилүү системада жүргүзүүгө тийиш. Көркөм-сабаттуулукка окутуунун системасы деген түшүнүк инсандын калыптануусун камсыз кылуучу максат, мазмун, принциптердин, уюштуруу формалары менен методдорунун биримдигин өзүнө камтыйт.

Педагогикалык жамаат жана ар бир мугалим кандай максатка умтулуп жатканын, билим берүүнүн ар бир деңгээлинде кандай милдеттер негизги багыт берээрин ачык билүүсү шарт.

Мектептеги көркөм-сабаттуулукка окутуу, көркөм өнөрдүн чыгарма-ларындагы идеялык жана көркөмдүк биримдүүлүк принцибине негизделет. Бул көркөм өнөр каражаты менен көркөм-сабаттуулукка жана нравалык окутууну бирдей ишке ашырууну талап кылат. Бул принципти кыйшаюусуз жетекчиликке алуу менен чыныгы көркөм өнөрдүн чыгармаларын жасалма чыгарма сөрөйлөрдөн ачык ажырата билүүгө өбөлгө түзө турган туруктуу идеялуулукту жана терең ишенимди окуучуларда калыптандыра алабыз.

Инсанды калыптандыруудагы илим менен көркөм өнөрдүн ага тийгизген таасиринин байланыштуулук принциби да көркөм-сабаттуулукка окутуу системасында өтө маанилүү. Көркөм өнөр билим менен бекем байланышканда гана баланын акылын өстүрүп, сырткы дүйнө жөнүндөгү илимий түшүнүгүн калыптандырат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиялары / И.Б. Бекбоев, Алимбеков А. – Бишкек: Бийиктик, 2011– 192б.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери / И.Б. Бекбоев. – Бишкек, 2004. – С. 384.
3. Белкин А.И. Биологические и социальные факторы. Формулирующие половую идентификацию /Соотношение биологического и социального в человеке (материалы к симпозиуму в г. Москве - сентябрь 1975 г.). - М., 1975, с 777-790.
4. Кадыров К. Бүгүнкү күндөгү сабакка даярдануунун технологиясы. // Кутбилим .- 2007.- 19-январь.- 6 -б.
5. Мамбетакунов Э.М., Сияев Т.М. Жалпы педагогиканын негиздери: Орто жалпы кесиптик жана орто окуу жайларынын студенттери менен мугалимдери учун окуу. – Бишкек: Айат, 2008. – 304 с.